БЕКИТИЛДИ
№10 Кадыркул Абдразаков атындагы
жалпы билим берүүчү мектебинин
педагогикалык кеңешинде
«__» ___08___ 2020ж.

Мектеп директору
______________ Токтогулова У.А.
«_30_» ___08___ 2020-ж.

# МЕКТЕПТИН ӨНҮГҮҮСҮНҮН ПЛАНЫ

## *№10 КадыркулАбдразаков атындагы жалпы билим берүүчү мектеби*

Дареги: Ш.Молложанов көчөсү 31, Сакалды айылы
Кыргыз Республикасы, Жалал-Абад облусу, Ноокен району,

**№10 КадыркулАбдразаков атындагы жалпы билим берүүчү мектеби**
**Жалал-Абад облусу, Ноокен району, Сакалды айылы**

№10 КадыркулАбдразаков атындагы жалпы билим берүүчү мектеби 1976-1977-окуу жылында орто мектеп катары ачылган. Бүгүнкү күндө №10 Кадыркул Абдразаков атындагы жалпы билим берүүчү мектеби окуучуларга терең билим берүүнүн үстүндө иштерди жүргүзүп жатат.

**МЕКТЕПТИН МИССИЯСЫ:**

№10 КадыркулАбдразаков атындагы жалпы билим берүүчү мектеби предметтерди терең үйрөтүүнү жана өз жеринин өзгөчөлүгүн эске алуу менен башталгыч, негизги, жалпы орто билим берүүнү камсыз кылып, ата-энелер, жергиликтүү коомчулук менен тыгыз кызматташтыкта болуп, билимдүү, ар тараптан өнүккөн, эл камын көрө билген, жашоодо өз ордун таба билген компетенттүү инсандарды окутуп-тарбиялоо.

- Табигат менен таттуу мамиледе болуу багытында жаратылышка аяр жана рационалдуу мамиле кыла билген окуучуларды тарбиялоо жана алардын экологиялык билимин калыптандыруу .
- Кыргыз элинин эзелтен калыптанган этнопедагогикасы боюнча ата-бабаларыбыздын мыкты салттарын пайдаланып, жаш муундарды нукура элдик билимдердин негизинде тарбиялоо.
- Улуттук жана дүйнөлүк маданияттардын алкагында инсан катары интеграцияланышына, илимдин өнүгүүсүнүн талабына жооп бере турган деңгээлде заманбап билим берүү.
- Башталгыч 1-4-класстарынын окуучуларынын ден соолугунун чың болушуна камкордук көрүү.
- Ден соолугу боюнча аярлуу балдарды женилдетилген программа аркылуу иш-аракеттерди күчөтүү.

# Киришүү

- Мугалимдердин профессионалдуулугу мектептин жалпы билим берүү багытынын талаптарына жооп берет.
- Улуттук жана дүйнөлүк маданияттардын системасына инсан катары интеграциялашына, илимдин өнүгүүсүнүн талабына жооп бере турган заманбап билим берилет.
- Окутуунун ар кандай формалары, атайын курстар, сабактан тышкаркы иштер аркылуу окуу процессине окуучулардын чыгармачылык мамиле кылуусун калыптандырууга багытталат.
- Класстык бөлмөлөр жана административдик кабинеттер ремонттолот, зарыл болгон техникалык материалдар менен жабдылат.
- Сакалды айыл өкмөтү тарабынан 10 компьютер менен толукталып ачылган информатика окуу кабинетинде окуучулардын, мугалимдердин компьютердик сабаттуулугу артылат, интернет байланышын пайдаланууну окуучуларга, мугалимдерге үйрөтүү иши улантылат.
- Ата-энелердин, мугалимдердин демөөрчүлүгү менен ачылган тарых, кыргыз тили жана адабияты, орус тили жана адабияты ж.б. окуу бөлмөлөрү кошумча дидактикалык көргөзмө материалдар менен толукталат, жасалгаланат жана жабдылат.
- Китепкана окуу китептери жана адабияттар менен талапка ылайык толук камсыздандырылат жана окуучулар, мугалимдер билим алууда пайдаланылат.
- Кылмыштуулуктун алдын-алуу иш-чараларын жүргүзүүгө ылайыкташкан профилактикалык бөлмөсү кошумча көргөзмө куралдар менен жабдылат.
- Окуучулардын билимге болгон кызыгуусун өстүрүүдө , ата-энелер мугалимдер менен катар окуучулардын жеткиликтүү билим алуусуна чоң камкордук көрүшөт, керектүү шарттар түзүлөт.
- Этнопедагогикалык багытта мыкты салттарын, үрп-адаттарын турмушта пайдаланууга үйрөтүлүп, кылмыштуулукту болтурбоонун алдын-алуу боюнча иш-аракеттер күчөтүлөт.
- Экологиялык багытта билим-тарбия берүүнү күчөтүү менен окуучулардын, мугалимдердин мектеп ичиндеги окуу бөлмөлөрүн, андагы окуу эмеректерин, окуу куралдарын ж.б. көздүн карегиндей сактоого үйрөтүү иштери улантылат.
- Мектептин ички, сырткы чөйрөлөрүн жашылдандыруу, тазалыкты кармоо иш-аракеттерин жүргүзүү аркылуу табигат менен таттуу мамиледе болууга, жетишүүгө тарбияланышат.
- Билим берүүнүн жаңы мазмуну аркылуу окууга болгон мотивацияны жогорулатуу менен бирге “Акылдуу мектеп” проектисин кеңири колдонуу стимулдаштырылат.
- Заманбап ыкмаларды колдонуу менен окуучуларга талапка ылайык билим, тарбия берилет.
- Мектепте иштеген мугалимдердин профессионалдуулугу жана чыгармачылык иш алып баруу ишмердүүлүгүнүн өсүүсү маанилүү деңгээлге жеткирүүнүн үстүндө иш-аракеттер күчөтүлөт.
- Мугалимдерге видеосабактарды өтүүдө шарт түзүлөт.
- Инклюзивдик билим берүүнү жакшыртуу үчүн атайы окуу китептерин жана көрсөтмө жазуу дептерлерин иштеп чыгуу иш-аракеттерин жүргүзүү.

**SWOT**-анализдин негизинде.
S –күчтүү жагы, жетишкендиги. Мектептин өткөн окуу жылындагы жетишкен ийгиликтери,
W- күчсүз жагы, жетишпегендери, аткарылбай калган иштер.
O- мүмкүнчүлүктөр Мектеп кандай мүмкүнчүлүктөрдү окуу тарбия ишинде келечекте пайдаланууга мүмкүндүгү бар экендигине толук анализ берет.
T- коркунуч. Мектептин ишинде кандай коркунучтар пайда болду жана болушу мүмкүн экендигин белгилөө, аныктоо.

| **Күчтүү жагы.** | **Күчсүз жагы.** |
|---|---|
| 1. Педжамааттын потенциалынын компетенттүүлүгү<br><br>2.Мектепти өнүктүрүүдө кошумча каражаттардын тартылышы.<br>3. Мугалимдердин толук жүктөм менен камсыз болушу.<br>4. Мугалимдердин кесиптик деңгээлинин өнүгүүсү<br>**Мүмкүнчүлүктөр.**<br>1.Ар кандай долбоорлорго активдүү катышуу мүмкүнчүлүгү.<br>2.Кошумча материалдык каражаттарды табуу.<br>3.Мугалимдердин кесиптик денгээлин жогорулатуусу. (курстар, семинар тренингдер, конкурстар ж.б.)<br>4.Мектептин өнүгүүсүнө багытталган иш чаралар<br>5. Социалдык өнөктөштүк.<br>6.Окуу тарбия иштеринде жаңы технологияларды колдонуу мүмкүнчүлүгү.<br>7. Интернет байланышын колдонуп сабак өтүү<br>8. Электрондук журналга өтүү иш-аракеттерин жүргүзүү | 1. Методикалык колдонмолордун аздыгы.<br>2 .Окуу китептеринин жетишсиздиги, сапаттуу эместиги<br>3.Кээ бир предметтик мугалимдердин жетишсиздиги<br>4.Окутуунун жаңы технологияларынын жетишсиздиги, Интернет байланышынын начардыгы<br>5. Жаш кадрлардын билиминин жетишсиздиги<br>6.Ата-энелер комитетинин иштебегендиги, ата-энелердин мектепке толук тартылбагандыгы жана кызыкпагандыгы.<br>7.Окуучулардын билим алууга умтулбагандыгы, сабакты көп калтырышы<br>8. Предметтик мугалимдердин тех каражаттар менен иштөөнү билбегендиги, кызыкпагандыгы<br><br>**Коркунучтар.**<br>1.Жакшы окуган окуучулардын 6 жана 9 класстан кетип калышы<br>2. Ички жана сырткы миграциянын күчөшү.<br>3.Жазгы жана күзгү жумушка окуучулардын тартылышы.<br>4. Жаштардын ар түрдүү диний көз караштарга тартылып кетиши.ж.б<br>5. Жаш өспүрүмдөр арасында кылмыштуулуктун күчөшү, ата-энелердин жоопкерсиздиги |

## 1.2. Ата-энелер менен иштин анализи.

Бул анализ иштин жыйынтыгын жана кандай иш алып барса боло тургандыгына багыт берет

| Ата-энелердин күчтүү жагы | Кандай күчсүз жагы бар? |
|---|---|
| 1. Ата-энелердин материалдык жактан камсыздуулугу.<br>2. Демилгечи ата-энелердин бар болушу<br>3. Айрым ата-энелердин окуу тарбия иштерине кызыгуусу | 1 Ата-энелер менен класс жетекчилердин байланышынын төмөндүгү<br>2.Балдарды жазгы жана күзгү жумуштарына тартуусу<br>3.Материалдык жактан жетишпегендиги<br>4. Ата-энелердин ар кандай диний агымдарга кириши<br>5. Ата-энелердин окуу процессине сарандыгы |
| Ата-энелер менен кызматташуудагы мүмкүнчүлүктөр | Ата-энелер менен иштөөдөгү айрым кыйынчылыктар: Жашоо-шарты оор, ыркы жок үй-бүлө, диний көз-караштагы ата-энелер, жайсыз үй-бүлөлөр ж.б. |
| 1. Кызматташууга, байланышты күчөтүү<br>2. Окуу-материалдык база жагынан жардам берүү<br>3. Жоопкерчиликти күчөтүү<br>4. Окуу жана тарбия процессине кызыктыруу | 1. Ички жана сырткы миграциянын күчөшү, балдардын кароосуз калганы<br>2.Материалдык жактан жетишпеген үй- бүлөдөгү балдар менен иш алып баруудагы коркунучтар |

**№10 К.Абдразаков атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинде билим сапатты жогорулатуу**

**2020-2025-окуу жылдары**

1. Окуучулардын муктаждыктарынын негизинде окуу процессин жакшыртуу, жаңы технологияларды пайдалануу менен акыркы беш жылда билим сапатты 10 % жогорулатуу.
2. Окуучулардын билим сапатын жогорулатуу максатында кыргыз, орус тилдери жана адабияты предметтери боюнча тереңдетип билим берүү, чет тилдери борборунун тил үйрөтүү иш-аракетерин күчөтүү, этнопедагогикалык, экологиялык ийримдик иштерди жогорку денгээлде алып барууну улантуу. Билим берүүдө жаңы педагогикалык технологияларды колдонуу, теориялык билимдерди практика жүзүндө пайдалана билүүгө үйрөтүү.
3. Мектепти санарипке өткөрүү максатында мугалимдердин квалификациясын этап менен жогорулатуу, компьютердик билим сабатын жогорулатуу менен сапарипке (электрондук журналга) киргизүү. Мектепти жогорку ылдамдыктагы интернет булагы менен камсыз кылуу жана тех. каражаттарынын санын көбөйтүү.
4. Окуучулардын билим сапатын жогорулатуу максатында Республиканын жана жакынкы чет өлкөлөрдүн Жогорку окуу жайлары менен байланыш түзүү, ЖРТке даярдоо иш чараларын аткаруу.
5. Окуучуларды турмушка даярдоо максатында кесиптик билим берүүнү өркүндөтүүгө багыт берүү.
6. Мектептин материалдык базасын чындоо.

## 5 жылга карата түзүлгөн план

| № | Иш- чаралар | Мөөнөтү | Жооптуу | Ресурстар | Күтүлүүчү натыйжалар | Жетишүүнүн көрсөткүчтөрү |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Мектепти окуу китептери жана адабияттар менен камсыздандыруу. | 2020-2025 | Пед.коллектив, мектеп администрациясы. | Мамлекеттик сектор. Эл аралык уюм, ата-энелер ж.б. бирикмелер. | Билим алууга шарт түзүлөт, окуучулар окуу китептери менен талапка ылайык камсыздандырылат. | Окуучулар окуу китептерин толук алышат, сабакка талапка жооп бергидей даярданышат. |
| 2 | Мектептин билим сапатын жылдан-жылга көтөрүү, жогорулатуу | 2020-2025 | Пед.коллектив, мектеп администрациясы. | Пед.коллектив, мектеп администрациясы, окуучулар | Окутуу-тарбиялоо процессинин сапаты жогорулайт, өсөт. | Билим сапаты 48% жетти. |
| 3 | Интерактавдүү доскалар менен иштөө иш-аракеттерин жөнгө коюу | 2020-2025 | Пед.коллектив, мектеп администрациясы | Информатика мугалимдери | Заманбап ыкмаларды колдонуу окуучуларга талапка ылайык билим, тарбия берет. | Окуучулар заманбап ыкмаларды колдонуу менен жакшы жетишкендиктерге жетишет, облустук жана республикалык олимпиадалардын жеңүүчүлөрү болушат. |
| 4 | Электрондук китепканага алып келүүчү- электрондук материалдар , китептер менен үзгүлтүксүз камсыздоо. Кабинеттерди мультимедиалык техника жана инновациялык шаймандар менен камсыздоо. | 2020-2025 | Мектеп командасы, администрациясы | Мамлекеттик сектор, коммерциялык сектор, эл аралык уюм, коомдук жана ата-энелер кеңеши, мугалимдер , окуучулар | Билим берүү процессине окуучулардын жана ата-энелердин жогорку деңгээлде кызыгуусу . Билим сапатынын 50% жогорулашы . ЖРТде жогорку балдарды алышат , жогорку пайызда ЖОЖ дорго тапшыруу. | Мугалимдер үчүн метод борбор, окуучулар үчүн мультимедиалык китепкана, мектеп кабинеттерине мультидидактикалык шаймандар, интернеттин ачылуусу. |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 5 | Оозеки экзамен алууда компьютердин жардамы менен заманбап тармактарды киргизүү. | 2020-2024 | | Мектеп окуучулары пед.коллектив, администрациясы | Билим берүү процессине окуучулардын, ата-энелердин кызыгуусу артат.Ар бир мугалим автордук иштери менен иш алып барат. Ар бир окуучу кошумча предмет тандап алат. | Мугалимдердин аттестациядан өтүүсү. |
| 6 | "Ден-соолугу чың бала-Кыргызстандын келечеги" деген ураандын астында окуучулардын ден-соолугун чыңдоо максатында мектеп ичинде кыздар, балдар үчүн даараткараларды ачуу | 2020-2025 | Пед.коллектив, мектеп администрациясы | Мектеп окуучулары пед.коллектив, администрациясы | Мектепте окуган окуучулардын ден-соолугу чыңдалат, мектепте санитардык -гигиеналык режим сакталат. Кыргызстандын келечегине салым кошо турган ден-соолугу чың жаңы муун өсүп жетилет. | Мектеп окуучулары санитардык-гигиеналык нормаларды туура колдонуу менен жакшы жетишкендиктерге жетишет. |
| 7 | Кыздары үчүн санитардык-гигиеналык бөлмөнү ачуу. | 2020-2024 | Мектеп окуучулары пед.коллектив, администрациясы | Мектеп окуучулары пед.коллектив, администрациясы | Мектепте окуган окуучулардын ден-соолугу чыңдалат, мектепте санитардык-гигиеналык режим сакталат. | Ден-соолугу чың, сергек жашоого үндөгөн жаш муун өсүп чыгат. |
| 8 | Окутуу тарбиялоо процессинде ар бир окуучунун инсандык өзгөчөлүгүнө карай ыкташуу, окуп-тарбиялануучунун даярдык деңгээли коомдун талабына | 2020-2025 | Пед.коллектив | Пед.коллектив, мектеп администрациясы, ата-энелер, окуучулар | Окуучулар мектепте өзүнүн ролун, ордун билишет, билим деңгээли өсөт, олимпиададагы көрсөткүчтөр жогорулайт , сабактан | Билим сапатынын 55% га жетиши, областтык , республикалык олимпиадаларда орундарга ээ болуу, республикалык тестирлөөдө жакшы |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | ылайык билим алуу жана тарбиялануга жооп берүүсү керек. | | | | калуу, кечигип келүү адаттар жоюлат. | жыйынтык көрсөтөт, мектептин имиджи өсөт |
| 9 | Спорттук иш-чараларды жандандыруу, бардык спорттун түрү боюнча командаларды түзүү, машыктыруу. | 2020-2025 | Мектеп командасы, мектеп администрациясы | Администрация, мугалимдер, ата-энелер,мектеп командасы, жөб уюмдары. | Дени сак коомду тарбиялоо үчүн дене тарбиялык окутууга толук шарттар түзүлөт. | Окуучулардын спорттук мелдештерде орундарга жетүүсү, спорттун белгилүү түрлөрүнө кызыгуусунун артуусу |
| 10 | Мугалимдердин чыгармачылык жана профессионалдуулугун жогорулатууда үзгүлтүксүз иш алып барууну улантуу. | 2020-2025 | Мектеп командасы, мектеп администрациясы | Администрация, мугалимдер, ата-энелер,мектеп командасы, метод кеңеш, усулдук бирикме. | Чыгармачылык менен иш алып барган мугалимдердин инновациялык билим берүү программа боюнча иштеп чыккан иштери, топторду ачуусу, сапаттуу , жыйынтыктуу сабактарды өтүүсү, адамдарда, коомдо болгон проблемалык жагдайлардан чыгуусу, традициялык системага жаңылануу киргизүү. | Билим сапатынын 20-25% жакшыруусу, мектептик, райондук олимпиадада, республикалык тестирлөөдөгү көрсөткүчтөрдүн жыйынтыгы өсөт. |
| 11 | Мугалимдердин, окуучулардын компьютердик сабаттуулугун жогорулатуу. | 2020-2025 | Мектеп администрациясы, информатик | | Заманбап компьютерлер менен камсыздануу | Жаңыланган информатика кабинети жаңы технологиялык каражаттар менен толукталат, интернет байланышы иштейт, окуучулардын компьютердик сабаттуулугу жогорулайт. |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 12 | Окутуунун жана тарбиялоонун биримдиги сапаттуу билим, тарбия багытында кыргыз этнопедагогикасынын негизинде окуучуларды тарбиялоонун максаттарын иш жүзүнө ашыруунун үстүндө иштөө. | 2020-2025 | Пед. Коллектив, мектеп администрациясы | Мектеп окуучулары пед.коллектив, администрациясы | Кыргыз этнопедагогикасынын негизинде билим берүү күчөтүлөт. | Этнопедагогикалык билим берүү жана тарбиялоодо окуучулардын элдик каада-салтты билүүсү, ыймандуулук таалим-тарбиясы жакшырат. |
| 13 | Мектеп имаратында инклюзивдүү билим берүү борборунда окутуу-тарбиялоону улантуу. | 2020-2025 | Айыл өкмөтү, мектеп администрациясы | Аярлуу балдар, тарбиячылар, мугалимдер, мед. кызматкерлер. | Майып балдардын билим алуусуна шарт түзүлөт, мектеп коомуна аралашат. | Аярлуу балдардын сабаттулугу өркүндөйт, ден-соолуктары үзгүлтүксүз көзөмөлдөнөт. |
| 14 | Электрондук журнал менен иштөөнү улантуу | 2020-2025 | Пед. Коллектив, мектеп администрациясы | Мектеп окуучулар , ата-энелер, мугалимдер | Ата-энелер балдарынын сабактардан жетишүүсүнө аралыктан көзөмөлдөй алат | Ата-энелер ар дайым мугалимдер менен байланышта болот. |